**Изденүүчү Аземова Айгүл Аскербековнанын «Тилдик эмес факультеттерде кыргыз тили сабагында студенттердин универсалдык компетенцияларын калыптандыруу» деген темадагы кандидаттык диссертациялык иши боюнча И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин жана Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин алдындагы педагогика илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын изденип алуу боюнча уюштурулган Д13.23.673 диссертациялык кеңешинин эксперти, педагогика илимдеринин доктору, доцент Мира Медеркуловна Сыдыкбаеванын**

# БҮТҮМҮ

Изденүүчү Аземова Айгүл Аскербековнанын «Тилдик эмес факультеттерде кыргыз тили сабагында студенттердин универсалдык компетенцияларын калыптандыруу» деген темадагы 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз тили) адистигине ылайык педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык ишин карап чыгып, диссертация тууралуу төмөнкүлөрдү ырастайт:

**Диссертациялык кеңешке диссертацияларды коргоого кабыл алуу укугу берилген адистикке иштин дал келиши:**

Изденүүчү Аземова Айгүл Аскербековнанын «Тилдик эмес факультеттерде кыргыз тили сабагында студенттердин универсалдык компетенцияларын калыптандыруу» деген темадагы кандидаттык диссертациясы диссертациялык кеңештин профилине туура келет.

Иште 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз тили) адистигинин паспортуна толугу менен жооп берүүчү тилдик эмес факультеттерде кыргыз тили сабагында студенттердин универсалдык компетенцияларын калыптандырууга арналган теориялык жана практикалык изилдөөлөр жүргүзүлгөн.

**Диссертациялык иштин максаты:**

Тилдик эмес факультеттерде кыргыз тили сабагында студенттердин универсалдык компетенцияларын калыптандыруу, өстүрүү жолдорун иштеп чыгуу жана эксперименттик текшерүүдөн өткөрүп, практикага сунуш кылуу.

**Изилдөөнүн милдеттери:**

1. Жогорку окуу жайлардын тилдик эмес факультеттеринин кыргыз тили сабагында студенттердин универсалдык компетенцияларын калыптандыруунун моделин иштеп чыгуу, “компетенция”,

"компетенттүүлүк", "универсалдык компетенциялар" түшүнүгүнүн мазмунун аныктоо;

2. Жогорку окуу жайларынын тилдик эмес факультеттеринде кыргыз тили сабагында студенттердин универсалдык компетенцияларын калыптандыруунун максат-милдеттерин тактоо;

3. Универсалдык компетенцияларды калыптандыруу үчүн "Кесиптик кыргыз тили" окуу дисциплинасынын билим берүү мүмкүнчүлүктөрүн жана кыргыз тили сабактарында түзүлүүчү универсалдык компетенциялардын тизмесин аныктоо. Тилдик эмес факультеттеринде кыргыз тили сабагында студенттердин универсалдык компетенцияларын калыптандыруунун маанисин, ролун, жолдорун изилдөө;

4. Университеттин тилдик эмес факультеттеринде кыргыз тили сабагында студенттердин универсалдык компетенцияларын калыптандыруунун, өстүрүүнүн методикалык жолдорун, аны натыйжалуу ишке ашырууну аныктоо жана эксперименталдык түрдө текшерүү жана анын жыйынтыктарын практикага сунуштоо.

**Диссертациянын изилдөө объектиси:**

ЖОЖдордун тилдик эмес факультеттеринде кыргыз тили сабагында студенттердин универсалдык компетенцияларын калыптандыруу, өстүрүү боюнча шарттарды түзүү процесси.

**Изилдөөнүн методдору:**

Изилдөөнүн темасы боюнча психологиялык, педагогикалык, усулдук эмгектерди талдоо жана колдонуу, сурамжылоо, аңгемелешүү, салыштыруу, баарлашуу, билим деңгээлин аныктоо, практикалык тажрыйбаларды талдоо жана жалпылаштыруу, педагогикалык эксперимент.

**Диссертациялык изилдөөнүн актуалдуулугу:**

Кыргыз тилин өнүктүрүү азыркы мезгилдин талабы. Ошого байланыштуу тилдик эмес факультеттердин студенттеринин кыргызча кебин өстүрүү, алардын универсалдык компетенцияларын калыптандыруунун негиздерин иштеп чыгуу бүгүнкү күндөгү эң башкы милдеттердин бири. Ушул жагдайдан алып караганда жогорку окуу жайлардын тилдик эмес факультеттеринде кыргыз тили сабагында студенттердин универсалдык компетенцияларын калыптандыруу, өстүрүү орчундуу маселеге айланды. Кыргыз Республикасынын жогорку окуу жайларында анын ичинде тилдик эмес факультеттерде кыргыз тили сабагында студенттердин универсалдык компетенцияларын калыптандыруу аркылуу сүйлөө кебин өстүрүү маселеси изилдөөгө муктаж. Тилдик эмес факультеттеринде кыргыз тили сабагында студенттердин универсалдык компетенцияларын калыптандыруу аркылуу сүйлөө кебин өстүрүү талапка ылайык изилдене электиги белгилүү.

Т. В. Архипованын илимий эмгегинде ЖОЖдун студентинин коммуникативдик жөндөмдөрүнүн картасы иштелип чыккан (2017). Ата мекендик изилдөөчүлөрдө А. А. Жолчиеванын кесиптик компетенцияларын калыптандыруу маселеси чет тилдерди окутуу процессинде студенттердин коммуникативдик компетенцияларын калыптандырууга арналган (2016), Жогорку окуу жайда кыргыз тилин окутууда коммуникативдик компетенцияларды калыптандыруу проблемасын К. А. Биялиев (2002), ЖОЖдордо кыргыз тилин экинчи тил катары окутууда студенттердин тилдик компетенциясын калыптандыруунун лингводидактикалык негиздерин М. М. Сыдыкбаева (2017) изилдешкен. Бул эмгектердин компетенттүүлүккө негизделген маселени чечүүгө кошкон олуттуу салымдарына карабастан, курулуш тармагындагы адистер үчүн зарыл болгон универсалдык компетенцияларды өнүктүрүү маселелери илимпоздордун илимий кызыкчылыктарынын чөйрөсүнө кирген эмес.

А. А. Аземова өзүнүн диссертациялык изилдөөсүндө жогорку окуу жайларынын тилдик эмес факультеттеринде кыргыз тили сабагында студенттердин универсалдык компетенцияларын калыптандыруу аркылуу сүйлөө кебин өстүрүүгө көңүл аз бурулгандыгын эске алуу менен, бул боюнча универсалдык компетенттүүлүктү калыптандыруу негиздери, жана ага карата илимий-методикалык жол-жоболорду атайын изилдөөгө алган. Кыргыз тили сабагын техникалык багытта окутуп, үйрөтүүгө байланыштуу методикалык колдонмолордун зарылдыгы, алар үчүн методикалык жардамдардын жоктугун да баса көрсөткөн.

Мына ушундай зарылчылыктан улам, жогорку окуу жайлардын тилдик эмес факультеттеринде кыргыз тили сабагында студенттердин универсалдык компетенцияларын калыптандыруунун, өстүрүүнүн методикалык проблемалары тууралуу изилденгендиги иштин актуалдуулугун аныктайт.

**Изилдөөнүн илимий жаңылыгы жана теориялык баалуулугу:**

- теориялык мааниси "универсалдык компетенциялар" түшүнүгүнүн мазмуну ачылгандыгында; тилдик эмес факультеттерде студенттердин универсалдык компетенцияларын калыптандыруу үчүн "Кыргыз тилин кесипке багыттап окутуу" окуу дисциплинасынын билим берүү мүмкүнчүлүктөрү аныкталгандыгында;

- тилдик эмес факультеттерде кыргыз тили сабагында студенттердин түзүлүүчү жана өнүктүрүлүүчү универсалдык компетенцияларынын тизмеси жана компоненттик курамы аныкталгандыгында; тилдик эмес факультеттерде студенттердин универсалдык компетенцияларын калыптандыруу модели иштелип чыкты, теориялык жактан негизделди жана апробацияланды;

- кыргыз тили сабагында универсалдык компетенциялардын ийгиликтүү калыптанышына өбөлгө түзүүчү моделди ишке ашыруунун педагогикалык шарттары аныкталды жана эксперименталдык жактан текшерилди.

**Диссертацияда чыгарылган ар бири илимий жыйынтыктын (жобонун) жана изденүүчүнүн корутундусунун жаңылыгынын деңгээли.**

**1-жыйынтык** жарым жартылай жаңы, себеби кыргыз тили сабагында универсалдык компетенциялардын ийгиликтүү калыптанышына өбөлгө түзүүчү моделди ишке ашыруунун педагогикалык шарттары аныкталды жана эксперименталдык жактан текшерилди, сүйлөө кебин өркүндөтүүнүн мааниси, максаты, азыркы абалы иликтенген;

**2-жыйынтык** жаңы, себеби кыргыз тили сабагында универсалдык компетенциялардын ийгиликтүү калыптанышына өбөлгө түзүү менен тилдик эмес багытта билим алып жатышкан студенттердин кыргызча кебин калыптандырууга, өстүрүүгө үйрөтүүнүн методикалык негиздери иштелген;

**3-жыйынтык** жарым жартылай жаңы, себеби тилдик эмес факультеттерде кыргыз тили сабагында студенттердин универсалдык компетенцияларын калыптандыруунун моделин иштеп чыгуу жана негиздөө боюнча, жана аны натыйжалуу ишке ашырууну аныктоо боюнча илимий эмгектерди изилдөө жана колдонуу иш тажрыйбалары иликтенген.

**4-жыйынтык** жаңы, себеби, тилдик эмес факультеттерде кыргыз тили сабагында студенттердин универсалдык компетенцияларын калыптандыруу аркылуу студенттердин сүйлөө кебин өстүрүүдө ар түрдүү кырдаалдарда сүйлөшүү, маектешүү процессинде алардын маалымат алуучулук, тилдик. кептик компетенттүүлүктөрүн өркүндөтүүдө окутуучуларга, мугалимдерге зарыл болгон педагогикалык-дидактикалык, психологиялык, эстетикалык, тилдик методологиялык негиздери иликтенген.

**5-жыйынтык** жаңы, себеби кыргыз тили сабагында универсалдык компетенциялардын ийгиликтүү калыптанышына өбөлгө түзүүчү моделди ишке ашыруунун педагогикалык шарттары аныкталды жана эксперименталдык жактан текшерилди, студенттердин кыргызча кебин калыптандыруу, өстүрүү процессинде алардын кептик компетенттүүлүктөрүн калыптандырууну мындан ары өркүндөтүү боюнча сунуштар берилген.

**Алынган жыйынтыктардын практикалык баалуулугу:**

Изилдөөдөн алынган жыйынтыктар, конкреттүү сунуштар жогорку окуу жайлардын тилдик эмес факультеттеринде кыргыз тили сабагында студенттердин универсалдык компетенцияларын калыптандыруу аркылуу сүйлөө кебин өстүрүү, окутуунун жаңы концепциясын иштеп чыгууга, окуу программалары менен окуу китептеринин жаңы муунун түзүүгө жана

универсалдык компетенцияларга басым жасап окутууга карата конкреттүү материалдарды, практикалык сунуштарды бере алгандыгы менен аныкталат.

Иштелип чыккан илимий - методикалык материалдар жогорку окуу жайлардын окутуучуларына студенттерди кесипке багыттап окутууда колдонуунун дидактикалык шарттары көрсөтүлгөн. Аталган эмгек студенттердин билимин текшерүүдө, татаал процесстерди моделдөөдө. эксперименттерди жүргүзүүдө жана кийинки изилдөөчүлөргө база болуп берет.

Жогорку окуу жайлардын тилдик эмес факультеттеринде кыргыз тили сабагында студенттердин универсалдык компетенцияларын калыптандыруу аркылуу сүйлөө кебин өстүрүү, өркүндөтүү боюнча сунуштар окутуучулардын сабагын жаңылоого жардам берет жана методисттерге окуу программаларын, окуу китептерин, методикалык колдонмолорду жакшыртууда, окутуучуларга жогорку жана орто окуу жайларында курстук, дипломдук, магистрдик иш жаздырууда багыт көрсөтөт.

Диссертациялык иштин материалдары төмөндөгү документтерде, материалдарда жана иштелмелерде колдонулган:

- УАК талап кылган илимий-педагогикалык басылмаларда чагылдырылган;
- Илимий-практикалык конференцияларда баяндамалар жасалган;
- Сабактар, тренингдер өткөрүлгөн;
- Педагогикалык эксперименттерде текшерилген.

Аземова Айгүл Аскербековнанын диссертациясынын материалдарын ишке ашыруунун жыйынтыктары боюнча төмөнкүдөй оң натыйжалар алынган:

**Биринчи натыйжа:** Жогорку окуу жайлардын тилдик эмес факультеттеринде кыргыз тили сабагында студенттердин кыргызча сүйлөө кебин өстүрүүдө алардын универсалдык компетенцияларын калыптандыруунун максаты, милдеттери, негизги багыттары аныкталган;

**Экинчи натыйжа:** «Компетенция», «компетенттүүлүк», «универсалдык компетенциялар» түшүнүктөрүнө теориялык аспектиден анализ жүргүзүлгөн, студенттердин кыргызча кебин лингводидактикалык негизде калыптандырууда, алардын универсалдык компетенттүүлүктөрүн өнүктүрүүнүн методикасы, методологиялык негиздери, методдору көрсөтүлгөн;

**Үчүнчү натыйжа:** Жогорку окуу жайлардын тилдик эмес факультеттеринде кыргыз тили сабагында студенттердин кыргызча кебин өстүрүүдө универсалдык компетенциянын мааниси, тилдик компетенттүүлүккө негиздеп окутууну уюштуруунун жана өткөрүүнүн оптималдуу ыкмалары жана жолдору сунуш кылынган, бул багыттар боюнча

окутуучулардын, методисттердин педагогикалык иш-тажрыйбалары жыйынтыкталган;

**Төртүнчү натыйжа:** Сунуш кылынган методикалык ыкмалардын жана жолдордун эффективдүүлүгүн аныктоо үчүн педагогикалык эксперимент жүргүзүлгөн жана анын жыйынтыгы чагылдырылган.

**Изилдөөнүн негизги мазмуну төмөндөгү эмгектерде чагылдырылган:**

1. Аземова, А. А. Кыргыз тилин окутуунун каражаттары. [Текст] / А. А. Аземова. – Известия КАО. – 2020. -№ 3(52). – С. 68-75. ISSN: 1694-8106. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=44527052

2. Аземова, А. А. Кыргыз тили сабагында студенттердин универсалдуу компетенциясын калыптандыруу үчүн интерактивдүү тапшырмалар. Вестник КГУСТА. – 2020. - № 3 (69). – С. 361-370. ISSN: 1694-5298. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=45684301

3. Аземова, А. А. Использование коммуникативных игр в целях формирования универсальных компетенций студентов технических вузов на занятиях кыргызского языка. [Текст] / А. А. Аземова, Т. Султанов. Вестник КГУСТА. – 2021. - № 1(71). – С. 43-46. ISSN: 1694-5298. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=46336679

4. Аземова, А. А. Кесиптик кыргыз тилин окутууда студенттердин универсалдык компетенцияларын калыптандыруу типтери.. [Текст] / А. А. Аземова, М.Б.Жаманакова. Известия НАН КР. – 2021. - №4. – С. 99-105 ISSN: 0002-3221. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=47173207

5. Azemova, A. A. Methods of formation for students' universal competencies in teaching professional kyrgyz language. [Текст] / A. A. Azemova, M. B. Zhamanakova. Известия НАН КР. – 2021. - №4. – С. 93-98 ISSN: 0002-3221. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=47173206&

6. Azemova, A. A. Communicative games in learning students in the classes of the Kyrgyz language. [Текст] / A. A. Azemova, M. B. Zhamanakova Вестник КГУСТА. – 2021. -№ 2(72). – С. 190-193. ISSN: 1694-5298. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=46696906

7. Аземова, А. А. Универсальные компетенции при обучении языка. Сборник международной научно-практической конференции “Гражданско-правовое воспитание учащихся в учебно-воспитательном процессе школы” – Алматы, 2022 – С. 9-12.

8. Аземова, А. А. Международный опыт моделирования и измерения универсальных компетентностей в образовании. [Текст] / А. А. Аземова, Э. А. Супатаева, З. С. Гельманова. Вестник КГАФКС. – № 1(29). - 2022. – С. 244-255. ISSN: 1694-6707

9. Аземова, А. А. Билим берүүдөгү универсалдуу компетенттүүлүктү моделдөө жана өлчөө боюнча эл аралык тажрыйба. [Текст] / А. А. Аземова, Э. А. Супатаева, З. С. Гельманова. XI Эл аралык илимий-практикалык симпозиумдун жыйнагы –Талас, 2022. – С. 69.

10. Аземова, А. А. Студенттердин универсалдык компетенцияларын калыптандырууда "кыргыз тили" дисциплинасынын билим берүү мүмкүнчүлүктөрү. [Текст] / А. А. Аземова, Э. Орозбек к. Известия КГТУ им. И. Раззакова - № 2 (66). – 2023. - С. 973-980 ISSN: 1694-8335 https://www.elibrary.ru/item.asp?id=54934455

11. A. A. Azemova, M. B. Zhamanakova. Communicative games in Kyrgyz language classes as a way of improving universal competencies for undergraduate students. [Текст] / A. A. Azemova, M. B. Zhamanakova. BIO Web of Conferences (Франция). – 2024.

**Авторефераттын диссертациянын мазмунуна дал келиши.**

Автореферат негизинен диссертациянын мазмунуна, анда коюлган изилдөөнүн максаттарына жана милдеттерине дал келет.

**Айрым мүчүлүштүктөр:**

1.Изилдөө ишинин 2- главасы иштин негизги бөлүгү болуп саналат. Аталган главаны дагы толуктоо зарыл.

2. Диссертациялык иште, авторефераттын 19-бетинен кесиптик кыргыз тилин окутууда деп берилген. Туурасы кыргыз тилин кесипке багыттап окутууда деп берилиш керек.

3. Изилдөө ишинде университеттин тилдик эмес факультеттеринде деп берилген. Бул туура эмес, жогорку окуу жайларынын тилдик эмес факультеттери деп берилиш керек эле.

4. Диссертациялык иште, авторефератта практикалык сунуштарды тактоо зарыл. Көп берилген, кыскартуу керек.

Көрсөтүлгөн кемчиликтерди оңдосо болот. Алар иштин жалпы аткарылыш деңгээлин, мазмунун алсыратпайт. Айтылган сунуштар, сын-пикирлер изилдөө ишинин сапаттык жактан көтөрүлүшүнө карата айтылды. Жогорку окуу жайлардын тилдик эмес факультеттеринде кыргыз тили сабагында студенттердин универсалдык компетенциясын калыптандыруунун методикасына арналган, жакшы жазылган, толук иштелип чыккан эмгек деп эсептейм.

Диссертациялык иш, анын автореферату менен толук таанышып, окуп чыккандан кийин эксперт катары төмөнкүдөй бүтүмгө келдик:

А. А. Аземованын «Тилдик эмес факультеттерде кыргыз тили сабагында студенттердин универсалдык компетенцияларын калыптандыруу» деген темадагы кандидаттык диссертациялык иши 13.00.02 - окутуунун жана

тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз тили) адистиги боюнча мындай иштерге коюлуучу талаптарга жооп берет.

Иш актуалдуу темага арналып, өз алдынча иштелип, толук бүткөн эмгек катары коргоого сунуш кылынат.

**Жетектөөчү уюмду, расмий оппоненттерди дайындоо жөнүндө сунуштун негиздүүлүгү.**

Диссертациялык кеңештин эксперттик комиссиясы жетектөөчү мекеме катары Б. Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университетинин кыргыз тили жана адабияты кафедрасын жана педагогика, психология жана окутуунун технологиясы кафедрасын (715600, Жалал-Абад ш., Ленин көч., 57) дайындоону сунуш кылат, анда 13.00.02 адистиги боюнча боюнча илимдин докторлору, кандидаттары ж.б. адистер эмгектенет.

**Эксперттик комиссия расмий оппоненттер катары төмөнкү адистерди сунуш кылат:**

**Биринчи расмий оппонент** катары кыргыз тилин окутуунун теориясы менен практикасы боюнча адис педагогика илимдеринин доктору, доцент, профессор М.М.Сыдыкбаеваны сунуш кылат (13.00.02). Анын эмгектери:

1. Совершенствование языковых знаний студентов на основе информационной и культурологической компетентности в условиях двухступенчатого образования // Проблемы педагогики № 4 (15), Научно-методический журнал г.Москва, 2016.-28-31-бб.

2. Кесипке даярдоодо кесиптик лексиканын ролу /Современные проблемы социально-гуманитарных наук, Научно-теоретический журнал 2016 № 2 (4) Казань, 34-36-бб.

3. Разбор поучительных выражений как средство закрепления компетентности // Известия Российского государственного педагогического универститета им. А.И. Герцена. 2016.№ 179. стр145-151.

4. Современный этап развития методики преподавания языка./ № 4(9). Июнь-июль 2020 серия «педагогические науки» журнал основан в 2018 г.international scientific journal «global science and innovations 2020: central asia» nur-sultan, kazakhstan, june-july 2020.

5. Формирования языковых компетенций студентов при обучении кыргызскому языку как второму в высших учебных заведениях в Кыргызстане, «Бюллетень науки и практики» №3 (март), 2023 г.

**Экинчи расмий оппонент** катары кыргыз тилин окутуунун теориясы менен практикасы боюнча адис, педагогика илимдеринин кандидаты, доцент Карамендиева Чолпон Жөлөгөновнаны сунуштайт (13.00.02). Анын эмгектери:

1. Карамендеева Ч.Ж. Лингво-педагогические основы обучения простых предложений кыргызского языка в школе. Методическое пособие. – Бишкек, 2010. – 125 стр.

2. Аманалиева Г. Э., Дуйшекеева Н. Б., Карамендеева Ч. Ж. Сборник текстов по специальности юриспруденция // КРСУ Б.-2006, с. 45, готовится к изданию.

3. Аманалиева Г. Э., Дуйшекеева Н. Б., Карамендеева Ч. Ж. Сборник текстов по специальностям для студентов экономического факультета. // КРСУ 2015, с. 55.

4. Кыргыз тили А1: Мамлекеттик жана муниципалдык кызматкерлер үчүн окуу куралы / Түз. Биялиев К., Карамендеева Ч. Б.: 2015. – 199 бет.

Диссертациялык кеңештин эксперттик комиссиясы, сунуш кылынган документтерди карап чыгып, И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетине жана Ж. Баласагын атындагы улуттук университетине караштуу Д. 13.23.673 диссертациялык кеңешине 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз тили) адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн изденүүчү Аземова Айгүл Аскербековнанын «Тилдик эмес факультеттерде кыргыз тили сабагында студенттердин универсалдык компетенцияларын калыптандыруу» деген темадагы диссертациясын кабыл алууну сунуш кылат.

Эксперттик комиссиянын мүчөсү,

**И.Абдраимов атындагы Кыргыз авиациялык институтунун профессору педагогика илимдеринин доктору, доцент** **Сыдыкбаева М.М.**

И. Абдраимов атындагы Кыргыз авиациялык институту / Кыргызский авиационный институт имени И. Абдраимова
КАДРЛАР БӨЛҮМҮ
ОТДЕЛ КАДРОВ
03012199610150

Дата поступления заключения в ДС Д 13.23.673
11.11.2024 г
Уч. секр: Омурбаева